Кырг
53(03)
У-83
45

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

Институт ... Отдел рукописей
Инв. № 45
1-06 95
АН ССР гор. Фрунзе

Р. УСУБАКУНОВ

# МЕХАНИКА БОЮНЧА ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ ПО МЕХАНИКЕ

ФРУНЗЕ 1981

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. №
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Р. УСУБАКУНОВ

# МЕХАНИКА БОЮНЧА ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ ПО МЕХАНИКЕ

Фрунзе 1981

53(03)
Э-83

Кыргыз ССР илимдер академиясынын
Терминология комиссиясынын чечими
боюнча басылды

Жооптуу редакторлор: [illegible] Арынов, А.Б.Исабекова,
[illegible] Ургазиева

7-I-5

©

"Илим" басмасы 1981-ж.

661243

# К И Р И Ш  С Ө З

Кыргыз ССР илимдер академиясынын Терминология комиссиясы тарабынан илимдин көп тармагы боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүктөрү жарыкка чыккандыгы республикабыздын коомчулугуна кеңири белгилүү. Бирок,техникалык илим тармактарынын бири болгон теориялык механика боюнча терминдердин мындай сөздүгү алигиче жарыкка чыга элек. Терминком тарабынан даярдалып басууга сунуш кылынып жаткан "Механика боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү" автор тарабынан жасаган биринчи кадам. "Сөздүккө" механиканын жалпы бөлүктөрүнүн жана атайын тармактарынын, алсак материялык чекиттин , материялык чекиттер системасынын , абсолюттук жана деформацияланма нерселердин механикалык системасынын, ошондой эле суюктуктар жана газдар механикасынын (гидромеханика, газодинамика, аэромеханика ж.б.) терминдери киргизилди. Мындагы жалпы терминдердин саны - 4200; анын ичинде кыргызча терминдер - 1690; башка тилдерден өздөштүрүлгөндөрү - 2510.

## Сөздүктү түзүү принциби

1. Механиканын тигил же бул бөлүмдөрүндө түрдүүчө айтылып, бирок бир эле маани берүүчү синоним терминдер же термин элементтер катары менен берилди. Алсак: компоненты вектора, составляющие вектора, начальное напряжение, собственное напряжение ж.б.

2. "Сөздүккө" киргизилген терминдердин көпчүлүгүнө түшүндүрмө, баяндама берилди. Мында I-пунктта айтылгандай синоним терминдердин же термин элементтердин бирине талкуу берилсе, экинчисине к (кара) деген шилтеме берилди.

8. Тигил же бул ирет менен, бирок бирдей эле эквиваленттүү маанидe кеңири колдонулуп жүрген термин элементтердин айрымдары үчүн эки вариант тең сакталды. Маселен, абсолютное ускорение – ускорение абсолютное; волновое сопротивление – сопротивление волновое ж.б.у. сыяктуулар. Мындай эквиваленттүү түрдө айтылуучу термин элементтердин экөө тең алфавиттик иретке байланыштуу берилди.

"Сөздүккө" карата сын-пикириңиздерди жана аны жакшыртуу боюнча сунушуңуздарды, каалоолорду Кыргыз ССР илимдер академиясынын Терминология комиссиясына жиберүүңүздөрдү өтүнөбүз: 720071, Фрунзе, Ленин проспектиси 265ª, Терминология комиссиясы.

# А

АБСОЛЮТНАЯ ВЕЛИЧИНА ВЕКТОРА <u>вектордун абсолюттук чоңдугу</u> (вектордун узундугу, анын сандык мааниси – векторду туюнтуучу кесиндинин узундугу).

АБСОЛЮТНАЯ СИЛА <u>абсолюттук күч</u> (материялык чекиттин массасынын анын абсолюттук ылдамдануусуна көбөйтүндүсүнүн минус белгиси менен туюнтулган инерция күчү).

АБСОЛЮТНАЯ СИСТЕМА ОТСЧЁТА <u>абсолюттук эсептөө системасы</u> (козголбос катарында алынган эсептөө системасы).

АБСОЛЮТНАЯ СКОРОСТЬ ТОЧКИ <u>чекиттин абсолюттук ылдамдыгы</u> (кыймылга келүүчү чекиттин абсолюттук эсептөө системасына карата ылдамдыгы).

АБСОЛЮТНАЯ ТЕМПЕРАТУРА <u>абсолюттук температура</u> (абсолюттук нөлдөн баштап эсептелүүчү температура. Ал 1848-жылы У.Томсон (Кельвин) тарабынан киргизилген).

АБСОЛЮТНАЯ ТРАЕКТОРИЯ ТОЧКИ <u>чекиттин абсолюттук траекториясы</u> (чекиттин абсолюттук эсептөө системасындагы траекториясы).

АБСОЛЮТНАЯ ТЯЖЕСТЬ <u>абсолюттук оордук</u> (жер менен белгилүү бир телонун (нерсенин) бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону боюнча өз ара тартылуу күчү аркылуу өлчөнүүчү оордук).

АБСОЛЮТНАЯ ШЕРОХОВАТОСТЬ <u>абсолюттук бодурдук</u>

АБСОЛЮТНО ГЛАДКОЕ ТЕЛО <u>абсолюттук (эң) жылма нерсе</u> (ар кандай реакция анын бетине дайыма нормалдуу болгон нерсе).

АБСОЛЮТНО НЕУПРУГИЙ УДАР <u>абсолюттук серпилбес согуу</u> (согуу мезгилинде кагылышкан нерселердин деформациялары согуунун акырында толугу менен сактала тургандай согуу).

АБСОЛЮТНО ТВЕРДОЕ ТЕЛО <u>абсолюттук (эң) катуу нерсе</u> (катуу

нерсенин теориялык модели, мында бул нерсеге кандай гана күч таасир этсе да, эки чекиттин арасындагы аралык өзгөрбөйт деп кабыл алынат).

АБСОЛЮТНО УПРУГИЙ УДАР <u>абсолюттук серпилгич согуу</u> (согуу мезгилинде кагылышкан нерселердин деформациялары согуунун акырында жоюлуп кете тургандай согуу).

АБСОЛЮТНО ШЕРОХОВАТОЕ ТЕЛО <u>абсолюттук бодур нерсе</u> (өз ара чексиз көп сүрүлүү күчү менен таасир эте алуучу нерсе).

АБСОЛЮТНОЕ ВРЕМЯ <u>абсолюттук убакыт</u> (динамиканын закондорун тактап атоодо И.Ньютон тарабынан кабыл алынган, бардык эсептөө системалары үчүн жалпы болгон абстракттуу убакыт).

АБСОЛЮТНОЕ ДВИЖЕНИЕ <u>абсолюттук кыймыл</u> (абсолюттук эсептөө системасына карата алынган кыймыл).

АБСОЛЮТНОЕ ДВИЖЕНИЕ ТОЧКИ ИЛИ ТЕЛА <u>чекиттин же нерсенин абсолюттук кыймылы</u> (чекиттин же нерсенин татаал кыймылында, алардын абсолюттук эсептөө системасына карата кыймылы).

АБСОЛЮТНОЕ ИЗМЕРЕНИЕ <u>1. абсолюттук ченем,өлчөм; 2.абсолюттук ченөө,өлчөө</u>

АБСОЛЮТНОЕ УДЛИНЕНИЕ <u>абсолюттук узаруу</u> (элементтин алгачкы узундугунун чоңоюшу).

АБСОЛЮТНОЕ УКОРОЧЕНИЕ <u>абсолюттук кыскаруу</u> (элементтин алгачкы узундугунун кемиши).

АБСОЛЮТНОЕ УСКОРЕНИЕ <u>абсолюттук ылдамдануу</u> (абсолюттук эсептөө системасына карата ылдамдануу).

АБСОЛЮТНОЕ УСКОРЕНИЕ ТОЧКИ <u>чекиттин абсолюттук ылдамдануусу</u> (чекиттин татаал кыймылында, анын абсолюттук кыймылындагы ылдамдануусу).



АБСОЛЮТНЫЕ ЕДИНИЦЫ <u>абсолюттук бирдиктер</u>

АБСОЛЮТНЫЕ СИСТЕМЫ ЕДИНИЦ <u>бирдиктердин абсолюттук системалары</u>

АБСОРБЦИЯ <u>абсорбция</u> (жутулуу,сиңүү).

АБСОРБЦИЯ ГАЗА <u>газдын абсорбциясы</u> (газдын суюк же катуу затка сиңүүсү).

АБСОРБЦИЯ ЗВУКА <u>үндүн абсорбциясы</u> (үндүн башка нерселерге сиңүүсү).

АВТОКОЛЕБАНИЯ <u>автотермелүүлөр</u> (сырттан таасир этүүсүз эле өзүнөн өзү термелүүлөр).

АГРЕГАТНЫЕ СОСТОЯНИЯ ВЕЩЕСТВА <u>заттын агрегаттык абалдары</u>

АДИАБАТА ГЮГОНЬО <u>Гюгоньо адиабатасы</u> (Гюгоньо теңдемеси (К.) аркылуу туюнтулган ийри сызыкты, кээде $\frac{\rho_2}{\rho_1}=\left(\frac{P_2}{P_1}\right)^{1/k}$ теңдемеси менен туюнтулган кадимки адиабатадан айырмалап, Гюгоньо адиабатасы деп аташат).

АДИАБАТА ИЗЭНТРОПИЧЕСКАЯ <u>изэнтропиялык адиабата</u>

АДИАБАТА ПУАССОНА <u>Пуассон адиабатасы</u> (идеалдык газда кайрылма адиабаталык процессти мүнөздөөчү ийри сызык, анын теңдемеси: $p \cdot V^{k} = const$, мында p – басым, V – көлөм, $K=C_p:C_v$ жылуулук сыйымдуулуктардын катышы).

АДИАБАТА УДАРНАЯ (А.ГЮГОНЬО) <u>согуу адиабатасы</u> <u>к</u>. АДИАБАТА ГЮГОНЬО

АДИАБАТИЧЕСКОЕ ТЕЧЕНИЕ <u>адиабаталык агым</u>

АДИАБАТНАЯ ОБОЛОЧКА <u>адиабаталык кабыкча</u> (каралып жаткан физикалык нерсе менен тышкы чөйрөнүн арасында жылуулук алмашуусуну жүргүзбөгөн кабыкча).

АДИАБАТНЫЙ ПРОЦЕСС <u>адиабаталык процесс</u> (физикалык системада курчап турган чөйрө менен жылуулук алмашуусуз жүрө тур-

ган процесс. Мындай процесс адиабаталык кабыкчанын ( ичинде болот к. АДИАБАТНАЯ ОБОЛОЧКА).

АКСИАЛЬНОЕ СИЛОВОЕ ПОЛЕ (ОСЕВОЕ СИЛОВОЕ ПОЛЕ) аксиалдык күч талаасы (октук күч талаасы, күч сызыктары, кандайдыр бир түз сызыкты (окту) тик бурч менен кесип өтүүчү түз сызыктар болгон күч талаасы).

АКСИАЛЬНЫЙ (ОСЕВОЙ) ВЕКТОР аксиалдык (октук) вектор (оң координаталар системасынан сол системага же солунан оңуна өткөндө багыты алмаша турган вектор. Мындай векторду псевдовектор деп да коюшат).

АКСОИД НЕПОДВИЖНЫЙ кыймылсыз аксоид (көз ирмемдеги айлануу окторунун, берилген катуу нерсе каралуучу эсептөө системасынын мейкиндигиндеги геометриялык орду болгон сызыктуу бет).

АКСОИД ПОДВИЖНЫЙ кыймылдуу аксоид (көз ирмемдеги айлануу окторунун, кыймылга келүүчү катуу нерсе менен бекем бекитилген эсептөө системасынын мейкиндигиндеги геометриялык орду болгон сызыктуу бет).

АКТИВНАЯ СИЛА активдүү күч (кыймылга келтиришке жөндөмдүү күч).

АМПЛИТУДА амплитуда (мезгилдүү чоңдуктун орточо маанисинен көз ирмемдеги маанисинин максималдуу айырмаланышы).

АМПЛИТУДА ВЕРОЯТНОСТИ ыктымалдык амплитудасы

АМПЛИТУДА ВОЛНЫ толкун амплитудасы

АМПЛИТУДА ГАРМОНИЧЕСКОГО КОЛЕБАНИЯ гармоникалык термелүүнүн амплитудасы (гармоникалык термелүүнүн $y = A\sin(\omega t + \varphi)$ теңдемесиндеги A коэффициенти).

АМПЛИТУДА ПУЛЬСАЦИЙ пульсациялар амплитудасы



АМПЛИТУДА УГЛОВАЯ бурчтук амплитуда

АМПЛИТУДА (ФУНКЦИЯ) амплитуда (функция, Якобинин $\psi = am(u,k)$ функциясы).

АМПЛИТУДНАЯ МОДУЛЯЦИЯ амплитудалык модулдоо

АНАЛИЗ ПРИЛИВОВ ташкындоолордун (толуулардын) анализи

АНАЛИЗ ПРИЛИВОВ ГАРМОНИЧЕСКИЙ ташкындоолордун гармоникалык анализи

АНАЛИЗ РАЗМЕРНОСТЕЙ ченемдүүлүктөр (өлчөмдүүлүктөр)анализи (изилденүүчү физикалык процесс үчүн өтө керек болгон чоңдуктардын сан маанилери арасындагы байланыштарды аныктоо методу).

АНАЛИТИЧЕСКАЯ МЕХАНИКА аналитикалык механика

АНАЛИТИЧЕСКАЯ СТАТИКА аналитикалык статика

АНАЛИТИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ДВИЖЕНИЙ кыймылдарды аналитикалык жол менен изилдөө

АНАЛИТИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ПРИТЯЖЕНИЙ тартылууларды аналитикалык жол менен изилдөө

АНАЛИТИЧЕСКОЕ ОПРЕДЕЛЕНИЕ МОМЕНТОВ СИЛ күчтөр моменттерин аналитикалык жол менен аныктоо

АНАЛОГИЯ ГАЗОГИДРАВЛИЧЕСКАЯ газогидравликалык аналогия,окшоштук

АНАЛОГИЯ ГИДРОДИНАМИЧЕСКАЯ гидродинамикалык аналогия, окшоштук

АНАЛОГИЯ КИРХГОФА Кирхгоф аналогиясы ,окшоштугу

АНАЛОГИЯ МЕМБРАННАЯ ПРАНДТЛЯ Прандтлдын мембраналык аналогиясы, окшоштугу

АНАЛОГИЯ ЭЛЕКТРОГИДРОДИНАМИЧЕСКАЯ электрогидродинамикалык аналогия, окшоштук

АНЕМОМЕТР анемометр (шамалдын же вентиляция каналдарында газдардын агымдарынын ылдамдыгын ченеечү аспап).

АНГАРМОНИЧЕСКИЕ КОЛЕБАНИЯ ангармоникалык (гармоникалык эмес) термелүүлер

АНИЗОТРОПИЯ анизотропия (заттардын физикалык (механикалык, жылуулук, электрдик, магниттик, оптикалык) касиеттеринин багытка кез карандылыгы. Буга карама-каршы изотропия – ал касиеттердин багыттан кез каранды эместиги).

АНИЗОТРОПИЯ МАГНИТНАЯ магниттик анизотропия

АНИЗОТРОПИЯ ОПТИЧЕСКАЯ оптикалык анизотропия

АНИЗОТРОПНЫЙ МАТЕРИАЛ анизотроптук материал (физикалык (механикалык, оптикалык, магниттик ж.б.) касиеттери багытка кез каранды болгон материалдар).

АНОМАЛИЯ ИСТИННАЯ чыныгы аномалия

АНОМАЛИЯ СРЕДНЯЯ орточо аномалия

АНОМАЛИЯ ЭКСЦЕНТРИЧЕСКАЯ эксцентрдик (эксцентриситеттик) аномалия

АНТИПАРАЛЛЕЛЬНЫЕ ВЕКТОРЫ тескери параллель векторлор (абсолюттук чоңдуктары барабар, параллель, бирок карама-каршы багытталган векторлор).

АНТИПАССАТЫ антипассаттар (тропикалык кеңдиктерде атмосферанын жогорку катмарларында, пассаттардын үстү жагынан аларга карама-каршы кыймылга келүүчү абанын турактуу агымдары к. ПАССАТТЫ).

АНТИПОЛЮС тескери уюл (нейтралдык окко туура келүүчү уюлга симметриялуу болгон жук борбору).

АНТИСИММЕТРИЧЕСКИЙ ТЕНЗОР тескери симметриялуу тензор (мисалы: компоненттери $T_{ij}=-T_{ji}$; $T_{ii}=0$ шарттарын канааттандырган



экинчи рангадагы тензор. Экиден жогорку рангадагы тескери симметриялуу тензорлор бар).

АНТИЦИКЛОН антициклон, тескери циклон (борборунда абанын басаңдаган агымдары, ачык асман, мемиреген аба ырайы байкала турган жогорку атмосфералык басымдуу циклонго карама-каршы область).

АРГУМЕНТ ГАРМОНИЧЕСКОГО ДВИЖЕНИЯ гармоникалык кыймылдын аргументи

АРКА арка (огунда ийрендөө чекити жок, кынаптуу ийилген ийри стержень же брус).

АРКА БЕСШАРНИРНАЯ шарнирсиз арка (учтары бекитилип коюлган шарнири жок арка).

АРКА ДВУХШАРНИРНАЯ эки шарнирлүү арка

АРХИМЕДА СИЛА архимеддик күч (суюктукка толугу менен же толук эмес матырылган нерсенин нымдалган бетине болгон суюктуктун басым күчтөрүнүн тең таасир этүүчүсү).

АСИММЕТРИЯ симметриясыз (симметриянын жоктугу же бузулуусу).

АСИММЕТРИЯ РАСПРЕДЕЛЕНИЯ бөлүштүрүүнүн симметриясыздыгы (симметриялуу эместиги).

АСИМПТОТИЧЕСКАЯ УСТОЙЧИВОСТЬ асимптоталык туруктуулук

АСИМПТОТИЧЕСКАЯ УСТОЙЧИВОСТЬ ПОЛОЖЕНИЯ РАВНОВЕСИЯ тең салмактык абалдын асимптоталык туруктуулугу

АТМОСФЕРА ВИХРЕЙ куюндар атмосферасы

АТМОСФЕРА ДВИЖЕНИЙ кыймылдар атмосферасы

АТМОСФЕРА СТАНДАРТНАЯ стандарттык атмосфера

АФЕЛИЙ афелий (элипстин орбитасында анын тартуу борборунан эң алыс турган чекит).

АЭРАЦИЯ аэрация (суунун агымын абанын көбүкчөлөрү менен толтуруу).

АЭРОДИНАМИКА аэродинамика (газдардын кыймылын жана тең салмактыгын, ошондой эле газга матырылган катуу нерселер менен газдын арасындагы өз ара аракеттеништорин үйрөтө турган механиканын бөлүмү).

АЭРОДИНАМИКА РАЗРЕЖЕННЫХ ГАЗОВ суюлган газдардын аэродинамикасы

АЭРОДИНАМИЧЕСКАЯ СИЛА аэродинамикалык күч

АЭРОДИНАМИЧЕСКАЯ ТРУБА аэродинамикалык труба

АЭРОДИНАМИЧЕСКИЕ ИЗМЕРЕНИЯ аэродинамикалык өлчөөлөр, ченеелер

АЭРОДИНАМИЧЕСКИЕ КОЭФФИЦИЕНТЫ аэродинамикалык коэффициенттер

АЭРОДИНАМИЧЕСКИЙ МОМЕНТ аэродинамикалык момент

АЭРОДИНАМИЧЕСКИЙ НАГРЕВ аэродинамикалык ысуу

АЭРОДИНАМИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ аэродинамикалык каршылык

АЭРОСТАТИКА аэростатика (газдардын тең салмактыгы жөнүндөгү илим).

## Б

БАЛАНС ЭНЕРГИИ энергия балансы

БАЛКА устун (огуна перпендикуляр күчтөр коюлган устун, ал негизинен ийүүгө иштейт).

БАЛКА НА ДВУХ ОПОРАХ эки таянычтагы устун

БАЛКА НЕРАЗРЕЗАННАЯ кесилбеген устун

БАЛКА РАВНОГО СОПРОТИВЛЕНИЯ бирдей каршылыктуу устун (берилген жүк үчүн максималдык нормалдуу чыңалуусу устундун бардык туурасынан кесилиштеринде бирдей болгон устун).



БАЛКА СВОБОДНО ОПЕРТАЯ эркин тирелген устун

БАЛЛИСТИКА баллистика (атуучу куралдын стволунун ичинде снаряддын кыймыл законлорун изилдеп үйрөтүүчү илим).

БАЛЛИСТИКА ВНЕШНЯЯ (ВНУТРЕННЯЯ) тышкы (ички) баллистика

БАЛЛИСТИЧЕСКАЯ КРИВАЯ баллистикалык ийри сызык (абада же каршылык көрсөтүүчү, ылдамдыктан көз каранды болгон башка чөйрөдө горизонтко жантык ыргытылган материялык чекиттин траекториясы. Мисалы, снаряддын траекториясы).

БАРОГРАФ барограф (өзү жазма барометр-абанын атмосфералык басымын автоматтуу түрдө тынымсыз жаза турган аспап к. БАРОМЕТР).

БАРОКЛИННОСТЬ бароклиндик (тыгыздыгы жеке басымдан гана көз каранды болбостон, башка факторлордон да, алсак температурадан да көз каранды болгон чөйрө).

БАРОМЕТР барометр (атмосфералык басымды ченөөчү аспап; ал белгилүү бир орундун деңиз деңгээлинен канчалык бийиктикте экендигин аныкташ үчүн колдонулат).

БАРОМЕТРИЧЕСКАЯ ФОРМУЛА барометрдик формула

БАРАТРОПНАЯ СРЕДА баратроптук чөйрө (тыгыздыгы жеке басымдан гана көз каранды болгон чөйрө, анын эң жөнөкөйү $\rho = const$ болгон кысылбас суюктук).

БАРАТРОПНОЕ ТЕЧЕНИЕ баратроптук агым (серпилгич суюктуктун агымын биздин ата мекендик адабияттарда баратроптук агым дешет).

БАРАТРОПНОЕ ТЕЧЕНИЕ БЕЗВИХРЕВОЕ куюнсуз (айлампасыз) баратроптук агым

БЕГУЩИЕ ВОЛНЫ качма толкундар

БЕГУЩИЕ СЛОИ ПОТОКА агымдын качма катмарлары

БЕЗВИХРЕВОЕ ТЕЧЕНИЕ куюнсуз (айлампасыз) агым (бардык че-

киттеринде $rot\,\vec{V}=0$ боло турган агым, мында $\vec{V}$ - агымдын ылдамдык вектору).

БЕЗВИХРЕВОЕ ТЕЧЕНИЕ ПЛОСКОЕ УСТАНОВИВШЕЕСЯ туруктуулапган куюнсуз (айлампасыз) жалпак агым (убакыттан көз каранды болбогон куюнсуз жалпак агым).

БЕЗМОМЕНТНАЯ ТЕОРИЯ ОБОЛОЧЕК кабыкчалардын моментсиз теориясы (кабыктын ийилүү ийкемсиздигин көңүлгө албай турган кабыкчалар теориясы).

БЕЗРАЗЛИЧНОЕ РАВНОВЕСИЕ айырмаланбас тең салмактык (механикалык системаны тең салмактык абалдан бир аз козгогондо кайрадан жаңы тең салмактык абалда кала бере турган тең салмактык).

БЕРНУЛЛИ КОНСТАНТА Бернулли константасы (кээде аны Бернулли функциясы деп да аташат, анткени ал константа бир агымдан экинчисине өткөндө өзгөрүшү мүмкүн).

БИЕНИЕ кагуу (термелүү амплитудасынын, убактысы менен мезгилдүү өзгөрүп туруусу, ал бирдейирээк жыштыктагы эки термелүүнүн кошулуусунан пайда болот).

БИНАРНЫЙ СПЛАВ бинардык эритме (эки компоненттен түзүлгөн эритме, алсак эки металлдан түзүлгөн эритме).

БИНОРМАЛЬ бинормаль (ийри сызыктын башкы нормалына жануу чекитиндеги перпендикуляр нормалдардын бири ).

БИПЛАН биплан (бири биринин үстүндө кандайдыр бир аралыкта параллель жайгашкан эки канаты (көтөргүч эки бети) бар самолет).

БИПЛАН ТАНДЕМ биплан тандем (жалпак эки пластинкадан түзүлөт).

БИПОЛЯРНЫЙ кош уюлдуу (чекиттердин абалдарын эки уюлга карата аныктоо).



БЛИЗКОДЕЙСТВИЕ И ДАЛЬНОДЕЙСТВИЕ жакынга таасир этүү жана алыска таасир этүү

БОКОВОЕ ВЫПУЧИВАНИЕ капталынан томпоюу (бир тегиздикте ийилүүчү устундун тең салмактык туруктуулугунун жоголушу, анын таасири менен устундун туурасынан кесилиш багытында ийилүүсүнүн бузулушу).

БОКОВЫЕ ЧАСТОТЫ капталдык жыштыктар

БОЛЬЦМАНА ПОСТОЯННАЯ Больцман туруктуу чоңдугу (физикалык негизги чоңдуктардын бири, ал газдык $R$ туруктуулуктун $N_A$ Авогадро санына (заттын I моль I кмоль бөлүгүндөгү молекулалардын саны) болгон катышына барабар: $k=R/N_A$. Больцман туруктуу чоңдугу $k=(1{,}38054\pm0{,}00018)\cdot10^{-23}$ дж/к болуп, алсак идеалдык газдын абалынын теңдемесине ж.б. байланышка кирет).

БОЛЬШАЯ МЕТАЦЕНТРИЧЕСКАЯ ВЫСОТА чоң метаборбордук бийиктик

БОЛЬШОЙ МЕТАЦЕНТРИЧЕСКИЙ РАДИУС чоң метаборбордук радиус

БРАХИСТОХРОНА брахистохрона (материялык чекит, оордук күчтүн бир тектүү талаасында эң аз убакытта түшө турган ийри сызык (циклоида).

БУРНОЕ СОСТОЯНИЕ ПОТОКА агымдын дуулдаган абалы (агымдын тереңдиги анын кризистик тереңдигинен тайыз болгон кездеги абалы).

Б"ЕФ ВЕРХНИЙ (НИЖНИЙ) жогорку (төмөнкү) б"еф

БЫСТРОТОК тез агуу ,катуу агуу (жогорку участкадагы чоң ылдамдыктагы суу агымын төмөнкү участкага жиберүүгө ылайыкталган ачык канал же лоток (ноо) түрүндөгү гидротехникалык курулуш).

## В

ВАГОН ОДНОРЕЛЬСОВЫЙ ГИРОСКОПИЧЕСКИЙ бир рельстүү гироскоптук вагон

ВАКУУММЕТР вакуумметр (вакуумду (газдын суюлуусун) ченөөчү аспап; ал аркылуу атмосфералык басым менен суюлтулган газдын басымынын айырмасын ченешет).

ВАКУУММЕТР ЖИДКОСТНЫЙ суюктук вакуумметри

ВАКУУММЕТРИЧЕСКОЕ ДАВЛЕНИЕ вакуумметрдик басым (эгер айырма терс болсо, суюктуктун берилген чекитиндеги басымы менен атмосфералык басымдын айырмасы).

ВАЛЕНТНОСТЬ КАНОНИЧЕСКОГО ПРЕОБРАЗОВАНИЯ каноникалык өзгөртүүнүн валенттүүлүгү

ВАРИАНТНОСТЬ В ТЕРМОДИНАМИКЕ термодинамикадагы варианттык

ВАРИАЦИОННЫЕ ПРИНЦИПЫ МЕХАНИКИ механиканын вариациялык принциби

ВАРИОМЕТР вариометр (самолеттун вертикалдык ылдамдыгын ченей турган аспап).

ВАТЕРЛИНИЯ ватерсызык (кеменин бортуна сызылган, анын сууга канчалык батып туруу керектигин көрсөтүүчү сызык).

ВАРИНЬОНА МНОГОУГОЛЬНИК Вариньон көп бурчтугу

ВЕБЕРА КРИТЕРИЙ (ЧИСЛО) Вебер критерийи (саны)

ВЕКОВОЕ (ХАРАКТЕРИСТИЧЕСКОЕ) УРАВНЕНИЕ эзелки (мүнөздөгүч) теңдеме

ВЕКТОР вектор (түз сызыктын багытталган кесиндиси, б.а. багыттарынын бири оң багыт үчүн алынган кесинди).

ВЕКТОР ВИХРЯ ПОТОКА агымдын куюн вектору

ВЕКТОР ГЛАВНЫЙ КОЛИЧЕСТВ ДВИЖЕНИЯ кыймыл сандарынын башкы вектору

ВЕКТОР ГЛАВНЫЙ СИЛ ДАВЛЕНИЯ басым күчтөрүнүн башкы вектору

ВЕКТОР ГЛАВНЫЙ СИЛ ИНЕРЦИИ инерция күчтөрүнүн башкы векто-



ВЕКТОР-НАБЛА вектор-набла

ВЕКТОР НЕПОДВИЖНЫЙ козголбос вектор

ВЕКТОР ПОЛЯРНЫЙ уюлдук вектор

ВЕКТОР ПРИЛОЖЕННЫЙ тиркелген вектор

ВЕКТОР РЕЗУЛЬТИРУЮЩИЙ натыйжалоочу вектор

ВЕКТОР СВОБОДНЫЙ эркин вектор

ВЕКТОР СВЯЗАННЫЙ байланган вектор

ВЕКТОР СКОЛЬЗЯЩИЙ сыйгаланма (жылышма) вектор

ВЕКТОР-ВИХРЬ вектор-куюн (суюктуктун бөлүкчөсү чексиз кичине убакыт ичинде өз абалын өзгөрткөн кезде ээ боло турган көз ирмемдеги бурчтук ылдамдыктын вектору).

ВЕКТОР-ПОТЕНЦИАЛ вектор-потенциал

ВЕКТОР-ШАГ РЕШЕТКИ решетканын вектор-кадамы

ВЕКТОР-ФУНКЦИЯ (СКАЛЯРНОГО АРГУМЕНТА) вектор-функция (скалярдык аргументтүү) (скалярдык аргументтин ар бир жеке маанисине белгилүү бир вектор туура келип тургандай көз карандылык).

ВЕКТОР УГЛА ПОВОРОТА буруу бурчунун вектору (айлануу огунда жатып, абсолюттук чоңдугу катуу нерсенин чексиз кичине бурулуу бурчу менен аныкталган, ал эми багыты буруу багытын аныктай турган вектор).

ВЕКТОРНАЯ ВЕЛИЧИНА вектордук чоңдук (сандык маанисинен тышкары, мейкиндиктеги багыты менен дагы мүнөздөлүүчү чоңдук).

ВЕКТОРНАЯ ЛИНИЯ вектордук сызык (өзүнүн ар бир чекитинде берилген вектордук талаанын векторуна жаныша турган сызык).

ВЕКТОРНОЕ ПОЛЕ вектордук талаа (ар бир чекитине белгилүү бир вектор туура келип турган мейкиндиктеги область).

ВЕКТОРНОЕ ПРОИЗВЕДЕНИЕ ДВУХ ВЕКТОРОВ эки вектордун вектордук көбөйтүндүсү

ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
ИНВ. №
661243.

ВЕКТОРЫ АНТИПАРАЛЛЕЛЬНЫЕ тескери параллель векторлор

ВЕКТОРЫ ПРОТИВОПОЛОЖНЫЕ карама-каршы векторлор

ВЕКТОРЫ РАВНЫЕ барабар векторлор (багыттары бирдей, узундуктары өз ара барабар болгон векторлор).

ВЕЛИЧИНА ГИДРОДИНАМИЧЕСКАЯ гидродинамикалык чоңдук

ВЕЛИЧИНА СИЛЫ күчтүн чоңдугу (берилген күчтүн, бирдик үчүн кабыл алынган күчтөн канча эсе чоң (кичине) экендигин көрсөтүүчү чоңдук).

ВЕЛИЧИНА СИЛЫ В ДЕКАРТОВЫХ КООРДИНАТАХ декарттык координаталардагы күчтүн чоңдугу

ВЕЛИЧИНА СИЛЫ В ПОЛЯРНЫХ КООРДИНАТАХ уюлдук координаталардагы күчтүн чоңдугу

ВЕЛИЧИНА СКАЛЯРНАЯ скалярдык чоңдук

ВЕЛИЧИНА СКОРОСТИ ылдамдык чоңдугу (ылдамдык векторунун абсолюттук чоңдугу, ал жаалык координатадан убакыт боюнча алынган туундуга барабар).

ВЕЛИЧИНА СКОРОСТИ В ПОЛЯРНЫХ КООРДИНАТАХ ылдамдыктын уюлдук координаталардагы чоңдугу

ВЕЛИЧИНА УСКОРЕНИЯ ылдамдануу чоңдугу

ВЕЛИЧИНА УСКОРЕНИЯ ПОЛНОГО толук ылдамдануу чоңдугу

ВЕНТУРИ ВОДОМЕР вентури суу ченегичи

ВЕРЕВОЧНАЯ КРИВАЯ жипче ийри сызык (үзгүлтүксүз бөлүштүрүлгөн күчтөрдүн көп бурчтугуна өтө турган ийри сызык).

ВЕРЕВОЧНЫЙ МНОГОУГОЛЬНИК жипче көп бурчтук (күчтөр таасир этүүчү тегиздиктеги күчтөрдүн көп бурчтугунун шоолаларына параллель кесиндилер жүргүзүүдөн пайда болгон көп бурчтук).

ВЕРОЯТНОСТЬ ПЕРЕХОДА өтүү ыктымалдыгы



ВЕРОЯТНОСТЬ ТЕРМОДИНАМИЧЕСКАЯ термодинамикалык ыктымалдык

ВЕРТИКАЛ вертикал (асман сферасынын, зенит аркылуу өтүүчү каалагандай чоң тегереги; дүйнөнүн уюлу аркылуу өткөн вертикал меридиан деп аталат, ал эми чыгыш жана батыш чекиттери аркылуу өткөн вертикал биринчи вертикал деп аталат).

ВЕРТИКАЛЬ вертикаль (эки күчтүн: жердин тартуу күчү менен жердин айлануу кыймылынын борбордон качма күчүнүн, натыйжалоочу күчүнүн багыты).

ВЕРТИКАЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ вертикалдык кыймыл (оордук күчтүн талаасында, материялык чекиттин, башталгыч ылдамдыктын вектору вертикаль боюнча жогору багытталган кездеги кыймылы).

ВЕРТУШКА ГИДРОМЕТРИЧЕСКАЯ гидрометриялык чимирик

ВЕРШИНА ГИРОСКОПА гироскоптун чокусу

ВЕРХНИЙ ПРЕДЕЛ ТЕКУЧЕСТИ агуучулуктун жогорку предели (чоңу диаграммасынын серпилгичтик участкасындагы максималдык чыңалуу, мында туруктуу дээрлик чыңалууда пластикалык деформациянын чоңоюшу байкалат).

ВЕС салмак (нерсенин оордук күчүнүн абсолюттук чоңдугу, ал сан жагынан $P=mg$ га барабар, мында $m$ - нерсенин массасы, $g$-оордук күчтүн ылдамдануусу).

ВЕС МАТЕРИАЛЬНОГО ОБ"ЕКТА материялык об"екттин салмагы

ВЕС УДЕЛЬНЫЙ салыштырма салмак (нерсенин P салмагынын анын көлөмүнө катышы, б.а. $\rho=P/V$ чоңдугу). V

ВЕС ТЕЛА нерсенин салмагы (ушул нерсенин бөлүкчөлөрүнө таасир эткен оордук күчтөрдүн бирдей таасир этүүчүсүнүн сандык чоңдугу).

ВЕСОВОЙ РАСХОД салмактык чыгым (агымдын нормалдык кесилиши

аркылуу убакыт бирдиги ичинде агып өткөн суюктуктун салмагы).

ВЕСЫ НЕРАВНОПЛЕЧНЫЕ ийиндери бирдей эмес таразалар

ВЕТВЛЕНИЯ ЛИНИИ ТОКА агым сызыгынын тармакталышы

ВЕТВЛЕНИЯ ТОЧКА ДВОЙНАЯ тармакталуунун кош чекити

ВЗАИМНОСТЬ КАСАТЕЛЬНЫХ НАПРЯЖЕНИЙ (ЗАКОН ПАРНОСНОСТИ КАСАТЕЛЬНЫХ НАПРЯЖЕНИЙ) жаныма чыңалуулардын өз ара таасири, жаныма чыңалуулардын түгөйлүк закону

ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ өз ара аракеттениш

ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ НЕЛОКАЛЬНОЕ жергиликтүү эмес өз ара аракеттениши

ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ ОБМЕННОЕ алмашып туруучу өз ара аракеттениш

ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ ПОТОКА И РУСЛА агым менен сайдын өз ара аракеттениши

ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ ПРОСТЫХ ВОЛН жөнөкөй толкундардын өз ара аракеттениши

ВЗРЫВ ВНУТРИ ЖИДКОСТИ суюктук ичинде жарылуу

ВЗРЫВ ПОДВОДНЫЙ суу астында жарылуу

ВЗРЫВНАЯ ВОЛНА жарылуу толкуну

ВИБРАЦИЯ вибрация (термелүү кыймылы, дирилдөө кыймылы).

ВИБРАЦИИ ГИДРОТЕХНИЧЕСКИХ СООРУЖЕНИЙ гидротехникалык курулуштардын вибрациялары (пайдалуу вибрация да болот, зыяндуу вибрация да болот).

ВИБРИРУЮЩАЯ ПЛАСТИНКА вибрациялоочу пластинка

ВИБРОГРАФ виброграф (механикалык термелүүлөрдүн вибрацияларын өзү эле жазып тура турган аспап).

ВИБРОМЕТР виброметр (механикалык термелүүлөрдү изилдей турган аспап).

ВИБРОСКОП виброскоп (нерсенин механикалык термелүүлөрүн байкай турган аспап).



ВИДИМОЕ ДВИЖЕНИЕ көрүнүүчү кыймыл (циклдик эмес координаталары өзгөрүп тура турган кыймыл).

ВИЗУАЛИЗАЦИЯ ПОТОКА агымды визуалдаштыруу

ВИНТОВОЕ ДВИЖЕНИЕ буралма кыймыл (катуу нерсенин айлануусунан жана айлануу огунун багытында алга умтулган кыймылынан түзүлгөн татаал кыймыл).

ВИНТОВОЕ ДВИЖЕНИЕ ТВЕРДОГО ТЕЛА катуу нерсенин буралма кыймылы

ВИНТОВОЕ ПЕРЕМЕЩЕНИЕ буралма которулуу (буралма кыймылга келүүчү нерсенин бир абалдан каалагандай экинчи абалга өтүшү).

ВИНТОВОЕ ТЕЧЕНИЕ ЖИДКОСТИ суюктуктун буралма агымы

ВИРИАЛЬНОЕ УРАВНЕНИЕ СОСТОЯНИЯ абалдын вириалдык теңдемеси

ВИРТУАЛЬНЫЕ ПЕРЕМЕЩЕНИЯ виртуалдык которулуулар

ВИСКОЗИМЕТР вискозиметр (суюктуктун (ички сүрүлүүдөгү) илээшкектигин аныктоочу аспап; көбүнчө майлагыч жана нефтопродуктыларды изилдөөдө колдонулат).

ВИСКОЗИМЕТР ЭНГЛЕРА Энглер вискозиметри

ВИСКОЗИМЕТРИЯ вискозиметрия (суюктуктун (ички сүрүлүүдөгү) илээшкектигин ченөө методдорун үйрөтүүчү физиканын бөлүмү).

ВИХРЕВАЯ ДОРОЖКА КАРМАНА Кармандын куюндук (айлампалуу) жолчосу

ВИХРЕВАЯ ЛИНИЯ куюндук сызык, айлампалуу сызык (убакыттын ушул моментинде ар бир чекитиндеги вектор = Куюну ошол сызыктын жанымасы боюнча жайгаша турган сызык).

ВИХРЕВОЕ ДВИЖЕНИЕ куюндуу (айлампалуу) кыймыл (үзгүлтүксүз чөйрөнүн (суюктуктун же газдын) элементардык бөлүктөрүнүн жеке гана алга умтулуган кыймылдары эмес, алардын кандайдыр бир көз ирмемдеги октун айланасындагы кыймылдарынын натыйжасында бол-

гон татаал кыймыл, б.а. ар бир элементардык бөлүк вектор - куюнга ээ боло алгыдай кыймыл).

ВИХРЕВОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ куюн (айлампа) каршылыгы (чек аралык катмар нерсенин бетинен ажыраган кезде, айланып агып өтүүчү нерсенин артында пайда болуучу, суюктуктун куюндуу кыймылы менен шартталуучу басымдын каршылыгы).

ВИХРЕВЫЕ ТОКИ ,ТОКИ ФУКО куюндуу (айлампалуу) агымдар, Фуко агымдары

ВИХРЕВОЙ АППАРАТ куюн аппараты (куюнду пайда кылуу жана куюндун огун бойлото түзүлгөн вакуумду пайдалануу принциби боюнча иштей турган аппарат).

ВИХРЕИСТОЧНИК куюн булагы ,куюндуу булак

ВИХРЕСТОК куюндуу сормо, айлампалуу сормо

ВИХРЬ 1. куюн (газдар кыймылында); 2. айлампа (суюктуктар кыймылында)

ВИХРЬ В ДЕКАРТОВЫХ КООРДИНАТАХ декарттык координаталардагы куюн (айлампа)

ВИХРЬ В ПОЛЯРНЫХ КООРДИНАТАХ уюлдук координаталардагы куюн (айлампа)

ВИХРЬ В КРИВОЛИНЕЙНЫХ КООРДИНАТАХ ийри сызыктуу координаталардагы куюн (айлампа)

ВИХРЬ В СФЕРИЧЕСКИХ КООРДИНАТАХ сфералык координаталардагы куюн (айлампа)

ВИХРЬ В ЦИЛИНДРИЧЕСКИХ КООРДИНАТАХ цилиндрдик координаталардагы куюн (айлампа)

ВИХРЬ ВЕКТОРА вектор куюну (берилген беттеги $\vec{V}$ векторден ошол бетти чектеген туюк контур боюнча алынган ийри сызыктуу интегралга барабар болгон $\vec{\omega}$ вектору).



ВИХРЬ ВЕКТОРНОГО ПОЛЯ вектордук талаанын куюну (декарттык тик бурчтуу $x, y, z$ координаталарындагы ар бир чекитте: $\frac{\partial R}{\partial y}-\frac{\partial Q}{\partial z}$; $\frac{\partial P}{\partial z}-\frac{\partial R}{\partial x}$; $\frac{\partial Q}{\partial x}-\frac{\partial P}{\partial y}$ компоненттерине ээ болгон вектор, мында $P$, $Q$, $R$ - талааны аныктай турган $\vec{V}$ векторунун компоненттери. Вектордук талаанын куюну $rot\,\vec{V}$ символу аркылуу белгиленет. Ал бир координаталар системасынан экинчи координаталар системасына өткөндө өзгөрбөйт).

ВИХРЬ ИЗОЛИРОВАННЫЙ ТОЧЕЧНЫЙ обочолонгон чекиттеги куюн (айлампа)

ВИХРЬ НАИМЕНЬШЕГО РАЗМЕРА эң кичине өлчөмдөгү куюн (айлампа)

ВИХРЬ ПРИ ДВИЖЕНИИ ЖИДКОСТИ суюктуктун кыймылындагы айлампа

ВИХРЬ ПРИ ДВИЖЕНИИ ТВЕРДОГО ТЕЛА катуу нерсенин кыймылындагы куюн (айлампа)

ВИХРЬ ПРИНУЖДЁННЫЙ мажбурланган куюн (айлампа)

ВИХРЬ ПРИСОЕДИНЕННЫЙ бириктирилген куюн (айлампа)

ВИХРЬ ПРОСТРАНСТВЕННО НЕПОДВИЖНЫЙ мейкиндиктик кыймылсыз куюн

ВИХРЬ ПРОСТРАНСТВЕННО ПОДВИЖНЫЙ мейкиндиктүү кыймылдуу куюн (айлампа)

ВИХРЬ СЖИМАЕМЫЙ кысылма куюн

ВИХРЬ СВОБОДНЫЙ эркин куюн (айлампа)

ВИХРЬ СКОРОСТИ ылдамдык куюну (айлампасы)

ВИХРЯ ЛИНИЯ куюн (айлампа) сызыгы

ВИХРЯ НАПРЯЖЕНИЕ куюндун (айлампанын) чыңалуусу

ВИХРЯ ПОВЕРХНОСТЬ куюндун (айлампанын) бети

ВНЕСИСТЕМНЫЕ ЕДИНИЦЫ системадан тышкаркы бирдиктер

ВНЕЦЕНТРЕННОЕ РАСТЯЖЕНИЕ борбордон тышкаркы чоюу (ички күчтөрүнүн тең таасир этүүчүсү каралып жаткан кесилиштин нормалы боюнча багытталып,бирок анын оордук борбору аркылуу өтпөгөн кездеги стерженден чоюлушу).

ВНЕЦЕНТРЕННОЕ СЖАТИЕ борбордон тышкаркы кысуу (ички күчтөрүнүн тең таасир этүүчүсү каралып жаткан кесилиштин нормалы боюнча багытталып, бирок анын оордук борбору аркылуу өтпөгөн кездеги стержендин кысылышы).

ВНЕШНЕЕ ТРЕНИЕ тышкы (сырткы)сүрүлүү

ВНЕШНЕЕ УМНОЖЕНИЕ ТЕНЗОРОВ тензорлорду сырттан көбөйтүү

ВНЕШНЯЯ СИЛА тышкы күч (каралып жаткан нерсеге же системага кандайдыр бир башка нерсе же система жактан таасир этүүчү күч).

ВНУТРЕННЕЕ ТРЕНИЕ ички сүрүлүү (нерселердин элементтеринин ички кыймылдарынын натыйжасында нерселердин деформация энергиясын бир аз чачыратуучу ички күчтөр).

ВНУТРЕННЕЕ УМНОЖЕНИЕ ТЕНЗОРОВ тензорлорду ичтен көбөйтүү

ВНУТРЕННИЕ СИЛЫ ВЯЗКОЙ ЖИДКОСТИ илээшкек суюктуктагы ички күчтөр

ВНУТРЕННИЕ СИЛЫ В НЕВЯЗКОЙ ЖИДКОСТИ илээшкек эмес суюктуктагы ички күчтөр

ВНУТРЕННЯЯ СИЛА ички күч (берилген механикалык системанын материялык чекитине таасир этүүчү күч, мында күчтүн булагы ушул эле механикалык системанын башка чекити болуп саналат).

ВНУТРЕННЯЯ ЭНЕРГИЯ ички энергия (нерсенин, анын өзүнүн ички абалынан гана көз каранды болгон энергиясы).

ВНУТРЕННЯЯ ЭНЕРГИЯ НЕСОВЕРШЕННОГО ГАЗА жеткилең эмес газдын ички энергиясы

ВОДОИЗМЕЩЕНИЕ сууга матырылган нерсенин салмагы (суюктукка толугу менен же толук эмес матырылган нерсе аркылуу сүрүлүп чыгарылган суунун салмагы).

ВОДОСЛИВ водослив (напору жок агымда тоскоол аркылуу артык баш суунун агып кетүүсү).



ВОЗМОЖНАЯ ДЕФОРМАЦИЯ мүмкүн болгон деформация (материалдык нерсенин байланыштарына туура келе турган, көңүлдө элестетилген деформация).

ВОЗМОЖНАЯ РАБОТА,ВИРТУАЛЬНАЯ РАБОТА мүмкүн болгон жумуш,виртуалдык жумуш (күчтүн,ал тиркелген чекити мүмкүн болгондой нечүрүлгөн кездеги жумушу).

ВОЗМОЖНОЕ ПЕРЕМЕЩЕНИЕ мүмкүн болгон которуу (байланыштар мүмкүндүк бере турган, көңүлдө элестетилген элементардык которуу).

ВОЗМОЖНОЕ ПЕРЕМЕЩЕНИЕ СИСТЕМЫ системанын мүмкүн болгон которулушу (берилген механикалык системанын чекиттеринин мүмкүн болгон көчүрүлүштөрүнүн каалагандай кыйындысы).

ВОЗМОЖНОЕ ПЕРЕМЕЩЕНИЕ ТОЧКИ чекиттин мүмкүн болгон которулушу (материялык чекиттин, ага коюлган байланыштар мүмкүндүк бере турган элементардык которулушу).

ВОЗМОЖНЫЕ СКОРОСТИ мүмкүн болгон ылдамдыктар

ВОЗМУЩЕННОЕ ДВИЖЕНИЕ дүүлүккөн кыймыл (механикалык системанын, тандалып алынган дүүлүкпөгөн кыймылынан айырмаланган жана баштапкы шарттардын же таасир этүүчү күчтөрдүн өзгөрүшү менен шартталган кыймылдардын бири).

ВОЗМУЩЕННОЕ ДВИЖЕНИЕ НЕСЖИМАЕМОЙ ЖИДКОСТИ кысылбас суюктуктун дүүлүккөн кыймылы

ВОЗНИКНОВЕНИЕ ВИХРЕЙ В ЖИДКОСТИ суюктуктарда айланпанын пайда болушу

ВОЛНА ВОЗМУЩЕННОГО ПОТОКА дүүлүккөн агымдын толкуну

ВОЛНА,БЕГУЩАЯ ВПЕРЕД алдыга кетме толкун

ВОЛНА,БЕГУЩАЯ НАЗАД артка кетме толкун

ВОЛНА В СЖИМАЕМОЙ ЖИДКОСТИ кысылма суюктуктагы толкун

ВОЛНА ГЕРСТНЕРА ТРОХОИДАЛЬНАЯ Герстнердин трохоидалык толкуну

ВОЛНА ГОЛОВНАЯ башкы (негизги) толкун

ВОЛНА ГРАВИТАЦИОННАЯ гравитациялык толкун

ВОЛНА ДЕТОНАЦИИ детонация толкуну

ВОЛНА ДЛИННАЯ узун толкун

ВОЛНА ЗВУКОВАЯ үн толкуну

ВОЛНА КОНЕЧНОЙ АМПЛИТУДЫ чектүү амплитудалуу толкун

ВОЛНА КОРАБЕЛЬНАЯ кемелик толкун

ВОЛНА МАХА Мах толкуну

ВОЛНА НА ПОВЕРХНОСТИ беттеги толкун

ВОЛНА ПРИЛИВНАЯ ташкындоо толкуну

ВОЛНА ПРОГРЕССИВНАЯ прогрессивдүү толкун

ВОЛНА ПРОСТАЯ, БЕГУЩАЯ ВПЕРЕД алдыга кетме жөнөкөй толкун

ВОЛНА ПРОСТАЯ ЛИНИИ ТОКА агым сызыгынын жөнөкөй толкуну

ВОЛНА НЕИЗЭНТРОПИЧЕСКАЯ изэнтропиялык эмес толкун

ВОЛНА РАЗРЕЖЕНИЯ суюлуу толкуну

ВОЛНА СТОЯЧАЯ тик турма толкун

ВОЛНА ТРЕХМЕРНАЯ үч өлчөмдүү толкун

ВОЛНА УПРУГАЯ серпилгич толкун

ВОЛНОВАЯ МЕХАНИКА, КВАНТОВАЯ МЕХАНИКА толкун механикасы, квант механикасы (микро бөлүкчөлөрдүн (электрондордун, протондордун, атомдордун, молекулалардын системаларынын) баяндама ыкмаларын жана кыймылдарынын закондорун окутуп үйрөтүүчү теория).

ВОЛНОВАЯ ПЕРЕДАЧА толкун аркылуу өткөрүү (айлануу кыймылын, деформация толкунун циклдик таасири аркылуу өткөрүп берип жана өзгөртүп тургандай механикалык өткөрүп берүү. Толкун аркылуу өткөрүүнү 1959-жылы америкалык инженер У.Массер ойлоп чыгарган).



ВОЛНОВАЯ ФУНКЦИЯ толкун функциясы (квант механикасында микрооб"ектинин (м.: электрондун,протондун,атомдун, молекуланын) жана жалпы алганда каалагандай кванттык системанын (алсак кристаллдын) абалын толугу менен баяндай турган чоңдук).

ВОЛНОВОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ ЖИДКОСТИ суюктуктун толкун каршылыгы (суюктукка толугу менен же жартылай матырылган катуу нерсе кыймылга келген кезде суюктуктун үстүнкү бетинде пайда болуучу толкун аркылуу түзүлгөн каршылык).

ВОЛНОВОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ ГЛИССИРУЮЩЕЙ ПЛАСТИНКИ глиссирлөөчү пластинканын толкун каршылыгы

ВОЛНОВОЕ УРАВНЕНИЕ толкун теңдемеси (дүүлүгүүлөрдүн кандайдыр бир чөйрөдө таралуу процессин баяндай турган, айрым туундуларды туткан дифференциалдык теңдеме. Бир тектүү изотроптук чөйрөдө толкун теңдемеси $\frac{\partial^2 u}{\partial x^2}+\frac{\partial^2 u}{\partial y^2}+\frac{\partial^2 u}{\partial z^2}=\frac{1}{a^2}\frac{\partial^2 u}{\partial t^2}$ түрүндө болот, мында $x, y, z$ мейкиндиктик өзгөрмөлөр, $t$ - убакыт, $u=u(x,y,z)$ болсо $t$ моментинде $(x,y,z)$ чекитиндеги дүүлүгүүнү мүнөздөй турган изделген функция, $a$-дүүлүгүүнүн таралуу ылдамдыгы).

ВОЛНОВОЕ УРАВНЕНИЕ ТРЕХМЕРНОЕ үч өлчөмдүү толкун теңдемеси

ВОЛНОВОЕ ЧИСЛО толкун саны (толкундун $\lambda$ узундугу менен $k=2\pi/\lambda$ формуласы боюнча байланышкан чоңдук, ал $2\pi$ аралыктагы толкундар санын туюнтат).

ВОЛНОВОЙ ВЕКТОР толкун вектору (багыты качма толкундун таралуу багыты менен дал келген, ал эми сан чоңдугу толкун чоңдугуна барабар болгон $\vec{k}$ вектору).

ВОЛНОВОЙ КАНАЛ БЕГУЩЕЙ ВОЛНЫ качма толкундун толкун каналы

ВОЛНОВОЙ ПАКЕТ толкун пакети (убакыттын ар бир моментинде мейкиндиктин кандайдыр бир чектелген областын ээлеп таркала турган толкун талаасы).

ВОЛНОМЕР толкун ченегич (радио жыштыктагы диапазондо электромагниттик термелүүлөрдүн толкун узундугун жана жыштыгын өлчөөчү аспап. Толкун ченегич чындыгында жыштык ченегич болуп саналат, бирок илгертен айтылып калгандыктан толкун ченегич деген аты сакталат).

ВОЛНЫ толкундар (белгилүү бир чөйрөдө тарала турган жана өзү менен бирге энергия алып жүрө турган чөйрөнүн (дүүлүгүүнүн) абалынын өзгөрүшү. Серпилгич толкундар катуу нерселерде, суюктуктарда жана газдарда болот. Үн толкундары, жер кыртышындагы сейсмикалык толкундар серпилгич толкундун айрым учурлары болот. Радио толкундар, жарык, рентген нурлары ж.б. электромагниттик толкундарга кирет).

ВОЛОКНО СТЕРЖНЯ стержен жипчеси (стержендин өз огуна параллель болуп, узатасынан жайгашкан элементи).

ВОСТОЧНОЕ ОТКЛОНЕНИЕ чыгышка жантаюу (түшүүчү материялык чекиттин траекториясынын, жердин айланышы натыйжасында вертикалдан чыгышка жантайышы).

ВПОЛНЕ НЕУПРУГИЙ УДАР толук серпилгич эмес согуу (нерсе тийген жерде пластикалык деформация кала тургандай согуу).

ВПОЛНЕ УПРУГИЙ УДАР толук серпилгич согуу (нерсеге тийген жерде серпилгич деформация гана боло тургандай согуу).

ВРАЩАТЕЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ айлантуучу кыймыл (катуу нерсенин ал нерсе менен бекем бекитилген эки чекити, демек алар аркылуу өткөн түз сызык кыймылсыз кала тургандай кыймылы. Нерсенин ушул түз сызыкта жатпаган калган чекиттери, ошол түз сызыкка перпендикуляр тегиздиктерде жатышкан, борборлору ушул эле түз сызыкта жайгашкан айланалар боюнча кыймылга келишет).



ВРАЩАТЕЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ ТВЕРДОГО ТЕЛА ВОКРУГ НЕПОДВИЖНОЙ ОСИ, ВРАЩЕНИЕ ВОКРУГ ОСИ катуу нерсени козголбос октун айланасында айлантуучу кыймылы, октун айланасында айлануу (катуу нерсенин анын эки чекити каралып жаткан эсептөө системасында кыймылсыз кала тургандай болгон кыймылы).

ВРАЩАТЕЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ Т.Т.В.Н. ТОЧКИ, ВРАЩЕНИЕ ВОКРУГ ТОЧКИ катуу нерсени козголбос чекиттин айланасында айлануучу кыймыл, чекиттин айланасында айлануу (катуу нерсенин, анын бир чекити каралып жаткан эсептөө системасында эч козголбостон кала тургандай кыймылы).

ВРАЩАЮЩИЙ МОМЕНТ айландыргыч момент

ВРАЩАТЕЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ айлантуучу кыймыл

ВРАЩЕНИЕ ВОКРУГ НЕПОДВИЖНОЙ ТОЧКИ козголбос чекиттин айланасында айлануу (катуу нерсенин, бир чекити эч козголбостон калып, ал эми калган чекиттери, борбору ошол козголбос чекит болгон борбордош сфераларда жатуучу ийри сызыктар боюнча жыла турган кыймылы).

ВРАЩЕНИЕ ЖИДКОСТИ суюктуктун айлануусу

ВРАЩЕНИЕ ТВЕРДОГО ТЕЛА 1. катуу нерсени айлантуу; 2. катуу нерсенин айлануусу

ВРЕМЯ убакыт (табигаттагы кубулуштардын удаалаштыгын аныктай турган физикалык чоңдук).

ВРЕМЯ АБСОЛЮТНОЕ абсолюттук убакыт

ВРЕМЯ СИНХРОНИЗАЦИИ синхрондоштуруу убакыты

ВТОРАЯ ФОРМА ПРИНЦИПА ГАМИЛЬТОНА Гамильтон принцибинин экинчи формасы

ВТОРОЕ НАЧАЛО ТЕРМОДИНАМИКИ термодинамиканын экинчи баштал-

масы (чектүү ылдамдыкта өтүүчү макроскоптук процесстердин кайрылбас процесстер экендигин аныктоочу принцип).

ВТОРОЙ АКТ УДАРА согуунун экинчи акты (согуу күчтөрү нөлгө чейин кичиреe турган убакыттын аралыгы, бул аралык нерселердин ылдамдыктары барабар болуп калган моментте башталат).

ВТОРОЙ ЗАКОН НЬЮТОНА Ньютондун экинчи закону (материялык чекиттин массасынын ал чекиттин убакыттын ар бир моментиндеги ылдамдануусуна көбөйтүндүсү ошол моментте ушул чекитке таасир этүүчү күчкө барабар болорун түшүнтүүчү закон).

ВТОРОЙ ЗАКОН ТЕРМОДИНАМИКИ термодинамиканын экинчи закону

ВЫНУЖДЕННЫЕ КОЛЕБАНИЯ аргасыз термелүүлөр (убакыттан мезгилдүү функция болгон сырткы таасирлердин натыйжасында пайда боло турган термелүүлөр).

ВЫРОЖДЕНИЕ ТУРБУЛЕНТНОСТИ турбуленттиктин пайда болуусу

ВЫСОТА ГЕОМЕТРИЧЕСКАЯ геометриялык бийиктик

ВЫСОТА ГИДРАВЛИЧЕСКАЯ гидравликалык бийиктик

ВЫСОТА МЕТАЦЕНТРИЧЕСКАЯ метаборбордук бийиктик

ВЫСОТА НИВЕЛИРНАЯ нивелирдик бийиктик

ВЫСОТА ПОЛНАЯ,ПОЛНЫЙ НАПОР толук бийиктик,толук напор

ВЫСОТА ПРИЛИВА ташкындоо бийиктиги

ВЫСОТА ПЬЕЗОМЕТРИЧЕСКАЯ пьезометрдик бийиктик

ВЫСОТА СКОРОСТНАЯ ылдамдыктык бийиктик

ВЫСОТА СКОРОСТНОГО НАПОРА ылдамдык напорунун бийиктиги

ВЫТЕКАНИЕ ЖИДКОСТИ ИЗ ОТВЕРСТИЯ суюктуктун көзөнөктөн агып чыгышы

ВЫТЕКАНИЕ ЖИДКОСТИ ИЗ СОСУДА суюктуктун идиштен агып чыгышы

ВЯЗКАЯ ЖИДКОСТЬ илээшкек суюктук (кыймылга келген кезде нормалдык чыңалуу да, жаныма чыңалуу да пайда боло тургандай суюктук).

ВЯЗКОСТЬ,ВНУТРЕННЕЕ ТРЕНИЕ илээшкектик,ички сүрүлүү (суюктуктун (же газдын) бир бөлүгү экинчи бөлүгүнө карата которулушкан учурда каршылык көрсөтүү касиети. Суюктуктун же газдын бул касиети илээшкектик коэффициенти $\eta$ менен мүнөздөлөт. Газдардын илээшкектиги эң кичине, суунукуна караганда жүздөгөн эсе аз).

ВЯЗКОСТЬ ВОДЫ суунун илээшкектиги

ВЯЗКОСТЬ ВОЗДУХА абанын илээшкектиги

ВЯЗКОСТЬ ВТОРАЯ экинчи илээшкектик

ВЯЗКОСТЬ ГАЗА газдын илээшкектиги

ВЯЗКОСТЬ ЖИДКИХ МАСЕЛ суюк майлардын илээшкектиги

ВЯЗКОСТЬ ЖИДКОЙ УГЛЕКИСЛОТЫ суюк углекислотанын илээшкектиги

ВЯЗКОСТЬ МАГНИТНАЯ магниттик илээшкектик

ВЯЗКОСТЬ ТУРБУЛЕНТНАЯ турбуленттик илээшкектик

## Г

ГАЗ НЕСОВЕРШЕННЫЙ жеткилең эмес газ

ГАЗ СОВЕРШЕННЫЙ жеткилең газ

ГАЗ.СОВЕРШЕННЫЙ ВЯЗКИЙ илээшкек жеткилең газ

ГАЗ СОВЕРШЕННЫЙ ДВУХАТОМНЫЙ эки атомдуу жеткилең газ

ГАЗ СОВЕРШЕННЫЙ ОДНОАТОМНЫЙ бир атомдуу жеткилең газ

ГАЗОВАЯ ДИНАМИКА газ динамикасы

ГАЗОВАЯ ПОСТОЯННАЯ газ туруктуулугу

ГАЗОВАЯ СМЕСЬ газ аралашмасы

ГАЗОГИДРАВЛИЧЕСКАЯ АНАЛОГИЯ газогидравликалык аналогия (окшоштук)

ГАЗООБРАЗНАЯ СРЕДА газ түрүндөгү (газ сымал) чөйрө

ГАЛЕРКИНА МЕТОД Галеркин методу (вариациялык жана четки маселелерди чыгаруунун түз методу).

ГАМИЛЬТОНА ФУНКЦИЯ Гамильтон функциясы (механиканын жалпыланган теңдемесине катышуучу чоңдук, м.: айрым учурда механикалык системанын толук энергиясын туюнтуучу функция).

ГАНГИЛЬЕ-КУТТЕРА ФОРМУЛА Гангилье-Куттер формуласы

ГАРМОНИКИ, ГАРМОНИЧЕСКИЕ СОСТАВЛЯЮЩИЕ, КОМПОНЕНТЫ ФУРЬЕ гармоникалар, гармоникалык түзүүчүлөр, Фурье компоненттери ($\sum_{-\infty}^{+\infty} A_n \sin(2\pi\nu n t+\varphi_n)$ катарынын мүчөлөрүнө туура келүүчү синусоидалык термелүүлөр, бул катардын суммасы убакыттан функция болот да, алгачкы термелүүнү аныктайт).

ГАРМОНИЧЕСКАЯ ФУНКЦИЯ гармоникалык функция

ГАРМОНИЧЕСКОЕ ДВИЖЕНИЕ гармоникалык кыймыл (материялык чекиттин мезгилдүү кыймылы, бул чекиттин орточо абалдан баштап өсөпт өлүүчү $S$ жаалык координатасы: $S=S_0\cos(\omega t+\varphi_0)$ теңдемеси менен аныкталат, мында $S_0$ – туруктуу параметр (амплитуда), $\omega$ – тегеректик жыштык, $\varphi_0$ – баштапкы фаза, $t$ – убакыт).

ГАУССА ПРИНЦИП (ПРИНЦИП НАИМЕНЬШЕГО ПРИНУЖДЕНИЯ) Гаусс принциби (эң аз мажбурлоо принциби).

ГАУССА СИСТЕМЫ ЕДИНИЦ Гаусстун бирдиктер системасы

ГЕКТОВАТТ, ГЕКТОУАТТ гектоватт, гектоуатт (кубаттуулук бирдиги: I гектоватт 100 ваттка барабар).

ГЕЛЬМГОЛЬЦА ТЕОРЕМА ВТОРАЯ Гельмгольцтун экинчи теоремасы

ГЕЛЬМГОЛЬЦА ТЕОРЕМА О СОХРОНЯЕМОСТИ ВИХРЕВЫХ ЛИНИЙ куюндук (айлампалык) сызыктардын сактагычтыгы жөнүндө Гельмгольцтун теоремасы



ГЕЛЬМГОЛЬЦИАН ВЕКТОРА ПОЛНЫЙ вектордун толук гельмгольцианы

ГЕОМЕТРИЧЕСКИЕ СВЯЗИ геометриялык байланыштар (механикалык системанын чекиттеринин ылдамдыктарынан көз каранды болбогон байланыштар).

ГЕОМЕТРИЧЕСКИЙ КРИТЕРИЙ АСИМПТОТИЧЕСКОЙ УСТОЙЧИВОСТИ асимптоталык туруктуулуктун геометриялык критерийи

ГЕОМЕТРИЯ МАСС массалар геометриясы (динамиканын, массалардын механикалык системадагы бөлүнүштөрүн карай турган бөлүмү).

ГЕРПОЛОДИЯ, ГЕРПОЛОИДА герполодия, герполоида (козголбос тегиздикте катуучу жалпак ийри сызык. Бул ийри сызык, ушул тегиздик менен Пуансо эллипсинин жанышуу чекиттеринин геометриялык орду болуп саналат).

ГЕРЦ герц (жыштык бирдиги. Ал кубулуштун мезгили бир секундага барабар болгон жыштыгы болот).

ГЕТЕРОГЕННАЯ СИСТЕМА гетерогендик система

ГИБКАЯ НИТЬ ийилчээк жип (ийүүдө жана кысууда катуулугу чоюудагы катуулукка салыштырганда эң эле кичине болгон конструктивдүү элемент).

ГИБКАЯ ПЛАСТИНКА ийилчээк пластинка (калыңдыгы кандай тартипте болсо, ийилчээктиги да ошондой эле тартипте болгон пластинка).

ГИБКОСТЬ СТЕРЖНЯ стерженьдин ийилчээктиги (стержендин келтирилген узундугунун, ал стержендин туурасынан кесилишинин узатасынан ийилүү огуна карата инерция радиусуна болгон катышы).

ГИБКОСТЬ ПРЕДЕЛЬНАЯ пределдик ийилчээктик

ГИББСА ТЕРМОДИНАМИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ Гиббстин термодинамикалык потенциалы

ГИДРАВЛИЧЕСКАЯ РЕАКЦИЯ ПРИ ДВИЖЕНИИ ТЕЛА нерсенин кыймылындагы гидравликалык реакция

ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ ПАРАДОКС ГАЛИЛЕЯ Галилейдин гидравликалык парадоксу

ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ ПРЫЖОК гидравликалык секирим (агым долуланган абалынан жайбаракат абалына өткөн кезде агымдын үстүнкү бетинин секирим түрүндө өзгөрүшү).

ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ РАДИУС гидравликалык радиус (нормалдык кесилиштин аянтынын нымдалган периметрге болгон катышы).

ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ УДАР гидравликалык согуу (трубада аккан суунун агымын кокустан токтоткон кезде (алсак, краны тез жаба салганда) ал суюктуктун басымынын кескин түрдө чоңоюшу).

ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ УКЛОН гидравликалык эңкейиш (агымдын узундук бирдигине келтирилген гидродинамикалык напордун өзгөрүшү).

ГИДРАВЛИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ гидравликалык каршылык (суюктуктар (же газдар) трубалар, каналдар ж.б. боюнча кыймылга келгенде алардын илээшкектиктери менен шартталып, кыймылына көрсөтүлүүчү каршылык).

ГИДРО-АЭРОДИНАМИЧЕСКИЕ СИЛЫ гидро-аэродинамикалык күчтөр

ГИДРО-АЭРОДИНАМИЧЕСКИЕ СИЛЫ РЕШЕТКИ торчонун гидро-аэродинамикалык каршылыгы

ГИДРОГРАФ гидрограф (жылдын белгилүү бир сезонунда дарыя сууларынын чыгымы убакытка жараша кандайча өзгөрө тургандыгын туюнтуучу график).

ГИДРОДИНАМИКА гидродинамика (суюктуктун, ошондой эле суюктукка толук же жартылай матырылган катуу нерселердин кыймылын изилдей турган илим; гидромеханиканын бир бөлүмү К.ГИДРОМЕХАНИКА).

ГИДРОДИНАМИЧЕСКАЯ АНАЛОГИЯ гидродинамикалык аналогия, ок-



шоштук (М.: толгонгон призмалык стержендин туурасынан кесилишинде пайда болуучу жаныма чыңалыштардын бөлүштүрүлүшү жөнүндөгү маселе менен стержендин каптал бетиндей капталы бар идиштеги идеалдык суюктуктун айлампасы жөнүндөгү маселенин математикалык окшоштугу).

ГИДРОДИНАМИЧЕСКАЯ ИНТЕРПРКТАЦИЯ ИНТЕГРАЛЬНОГО ИНВАРИАНТА интегралдык инварианттын гидродинамикалык интерпретациясы (талкууланышы)

ГИДРОДИНАМИЧЕСКАЯ СИЛА В АБСОЛЮТНОМ ДВИЖЕНИИ абсолюттук кыймылдагы гидродинамикалык күч

ГИДРОДИНАМИЧЕСКАЯ ИЗМЕРЕНИЯ гидродинамикалык өлчөмдөр, ченемдер

ГИДРОДИНАМИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ПОТОКА агымдын гидродинамикалык өзгөчөлүктөрү

ГИДРОДИНАМИЧЕСКИЕ СИЛЫ гидродинамикалык күчтөр

ГИДРОДИНАМИЧЕСКИЕ СИЛЫ ДЕЙСТВУЮЩИЕ НА ПРОФИЛЬ профилге таасир этүүчү гидродинамикалык күчтөр

ГИДРОДИНАМИЧЕСКИЕ СИЛЫ ДЕЙСТВУЮЩИЕ ПРИ ОТСУТСТВИИ ЦИРКУЛЯЦИИ циркуляция жоктугу гидродинамикалык күчтөр

ГИДРОДИНАМИЧЕСКИЙ НАПОР гидродинамикалык напор (пьезометрдик жана ылдамдыктык напорлордун суммасы).

ГИДРОДИНАМИЧЕСКОЕ ДАВЛЕНИЕ гидродинамикалык басым (гидростатикалык жана динамикалык басымдардын суммасына барабар болгон басым).

ГИДРОДИНАМИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ гидродинамикалык каршылык (нерсенин кыймылына, аны айланып агып өтүүчү суюктук тарабынан көрсөтүлгөн каршылык же суюктуктун кыймылына трубалардын, каналдардын ж.б. капталдары тарабынан көрсөтүлгөн каршылык).

ГИДРОМЕХАНИКА гидромеханика (суюктуктун, ошондой эле суюктукка толук же жартылай матырылган катуу нерселердин кыймылын (гидродинамика) жана тең салмактыгын (гидростатика) изилдеп үйрөтө турган илим).

ГИДРОСТАТИКА гидростатика (суюктуктун, ошондой эле суюктукка толук же жартылай матырылган катуу нерселердин тең салмактыгын изилдеп үйрөтө турган илим; гидромеханиканын бир бөлүмү к. ГИДРОМЕХАНИКА).

ГИДРОСТАТИЧЕСКИЙ НАПОР, ПЬЕЗОМЕТРИЧЕСКАЯ ВЫСОТА гидростатикалык напор, пьезометрдик бийиктик (үстүнкү бетине атмосфералык басым менен баскан кезде салмагы суюктуктун берилген чекитиндеги басымына барабар болгондой суюктуктун мамычасынын бийиктиги).

ГИДРОСТАТИЧЕСКИЙ ПАРАДОКС гидростатикалык парадокс

ГИДРОСТАТИЧЕСКОЕ ВЗВЕШИВАНИЕ гидростатикалык салмактоо (Архимеддин законуна негиздеп, суюктуктардын же катуу нерселердин тыгыздыктарын ченөө методу).

ГИДРОСТАТИЧЕСКОЕ ДАВЛЕНИЕ гидростатикалык басым (тең салмактык абалда турган суюктуктагы басым).

ГИДРОТЕХНИКА РЕЧНАЯ дарыя гидротехникасы

ГИДРОТЕХНИКА СУДОХОДНАЯ кемеде сүзүү гидротехникасы

ГИПЕРБОЛИЧЕСКОЕ УРАВНЕНИЕ гиперболалык теңдеме

ГИПЕРЗВУКОВОЕ ТЕЧЕНИЕ үндөн озгон агым

ГИПОТЕЗА ЖУКОВСКОГО Жуковский гипотезасы

ГИПОТЕЗА ПЛОСКИХ СЕЧЕНИЙ жалпак кесилиштер гипотезасы

ГИРОСКОП гироскоп (козголбос чекиттин айланасында айлануучу катуу нерсе, мында нерсе менен бекем бекитилген октун айланасында айлануусунун бурчтук ылдамдыгы жалпы бурчтук ылдамдыктын



башка түзүүчүлөрүнө караганда эң чоң болот да, нерсенин инерция эллипсоиди эллипсоиддик айлануу болот).

ГИРОСКОП СИММЕТРИЧЕСКИЙ симметриялуу гироскоп

ГИРОСКОПИЧЕСКИ НЕСВЯЗАННАЯ СИСТЕМА гироскоптуу байланышпаган система

